**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**
**АК-СУУ РАЙОНУ**

**КЫДЫР АКЕ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АК-СУЙСКИЙ РАЙОН**

**МЕСТНЫЙ КЕНЕШ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
**КЫДЫР АКЕ**

**II чакырылышынын кезектеги 12-сессиясы**

# ТОКТОМ

03.03.2026 № 14 **Ак-Суу айылы**

**Кыдыр Аке айыл аймагында жайыт пайдалануучулар үчүн**
**мал башына жайыттарды пайдалангандыгы үчүн акы төлөөнүн**
**өлчөмүн бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 21-беренесинин 3-пунктунун жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 30-майындагы №301 "Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу чөйрөсүндөгү жөнгө салуу жөнүндө" токтому менен бекиген типтүү жобонун 4-тиркемесинин негизинде "Ак-Суу айыл чарба" муниципалдык ишканасынын сунушун жана жергиликтүү кеңештин муниципалдык менчик (жер, мүлк), айыл чарбасы (ЖКБФ,СПА), жаратылыш ресурстары, архитектура, курулуш жана экология маселелери боюнча туруктуу комиссиянын протоколун карап, талкуугa алып, айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши токтом кылат:

1. Кыдыр Аке айыл аймагында жайыт пайдалануучулар үчүн мал башына жайыттарды пайдалангандыгы үчүн акы төлөөнүн өлчөмү төмөндөгүдөй бекитилсин:
   - бодо малдын бир башына (уй, жылкы) – 100 сом;
   - кой/эчкинин бир башына -20 сом:
   - Сырт өрөөнүндөгү бодо малдын бир башына (уй, жылкы, топоз) – 300 сом;
   - Сырт өрөөнүндөгү кой, эчкинин бир башына – 35 сом.
2. Токтом айыл өкмөтүнүн сайтына жайгаштырылып, Мамлекеттик каттоодон өткөрүү үчүн юстиция органына жиберилсин.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Ш.Кобонбаевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.С.Акунов**